ние эффективности управления контрактной системой и контроля в сфере закупок товаров, работ, услуг для обеспечения государственных (муниципальных) нужд [6]. Считаем, что эффективность действий по выполнению данного поручения кратно возрастет, когда будут решены (или приблизятся к решению) те проблемы, которые были описаны нами выше. В противном случае придется констатировать имитацию деятельности, что в конечном счете не приведет к желаемым результатам.

## СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННЫХ ИСТОЧНИКОВ И ЛИТЕРАТУРЫ:

1. Белинская, М.П. Хронодискретное моногеографическое сравнительное исследование института закупок для государственных и муниципальных нужд [Текст]: / М.П. Белинская // Вестник Нижегородской академии МВД России, 2016. - №1. - С.42-47.

2. Бюджетные деньги утекают за границу. Русская планета. 30.04.2015. [Электронный ресурс]: - Режим доступа: URL:http://rusplt.ru/society/byudjetnyie-dengi-utekayut-zagranitsu-16774.html. / 24.03.2019/. - Загл. с экрана.

3. Гук, Д.В. К вопросу о дополнительной криминализации в УК РФ нарушений законодательства при осуществлении госзакупок [Текст]: /Д.В. Гук // Юридическая наука. 2013. - № 240. - С.40-44.

4. Меньшенина, Н.Н. Коррупция в Российской Федерации: генезис, формы, технологии, противодействие [Текст]: /Н.Н. Меньшенина. - Екатеринбург: Изд-во Урал.ун-та, 2014.- 202 с.

5. Минфин объявил об упрощении законодательства о госзакупках в два этапа. 22.03.2019. [Электронный ресурс]:- Режим доступа: http://goszakaz.tv/news/details/1174-minfin-objyavil-ob-uproschenii-zakonodat. /24.03.2019/. - Загл. с экрана.

6. Перечень поручений по усилению эффективности контроля в сфере закупок товаров, работ и услуг для обеспечения государственных и муниципальных нужд 17.12.2018 [Электронный ресурс]: - Режим доступа: http:// www.kremlin.ru/acts/assignments/orders/copy/59440. - Загл. с экрана.

**Рецензент:** Эсенбекова А.Т., заведующий кафедрой уголовного права КГЮА, кандидат юридических наук.

**УДК 347.157:347.922**

***Чыныбаева Н.Ж.,***
*КМЮАнын кылмыш - жаза укугу кафедрасынын ага окуутучусу*
***Чыныбаева Н. Ж.,***
*Старший преподаватель кафедры уголовного права КГЮА*
***Chynybaeva N. Zh.,***
*Senior lecturer of the Department of criminal law of the KSLA*
***e-mail:*** *unique-007@mail.ru*
***Аскарбеков Д.Э.,***
*КМЮАнын мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы жана эл аралык укук кафедрасынын окутуучусу*
***Аскарбеков Д.Э.,***
*преподаватель кафедры Теории и истории государства и права и международного права КГЮА*
***Askarbekov D.E.***
*Teacher of the Theory and History of State and Law and International Law*
*mobile phone: +996 (772) 675593*
*e-mail: askarbekov.dur@mail.ru*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТАРЫН ЖАНА МЫЙЗАМДУУ ТАЛАПТАРЫН КОРГООДОГУ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ СОТТУН КЕПИЛДИГИНИН КЭЭ БИР КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ РЕАЛИЗАЦИИ СУДЕБНОЙ ГАРАНТИИ ЗАЩИТЫ ПРАВ И ЗАКОННЫХ ИНТЕРЕСОВ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ

# SOME ISSUES OF IMPLEMENTATION OF JUDICIAL GUARANTEES OF PROTECTION OF RIGHTS AND LEGITIMATE INTERESTS OF MINORS

***Аннотация:*** *Бул макаланын актуалдуу маселеси, Кыргыз Республикасындагы жашы жете электердин укугунун соттук корголушу, жашы жете электердин укугунун корголушунун бөлүгү болуп каралат. Башка кепилдиктер менен бирге, укуктук коргоо укукту ишке ашырууда ишенимдүү каражат катары колдонот, эгер ал бузула турган болсо. Бул иште соттук коргоо жашы жете электердин кызыкчылыгын укуктук коргоо соттордун ишмердүүлүк формасы катары*

*болуп, конституциалык принцибине, үй бүлөө жана жарандык процесстик укугу, жана ошондой эле моралдык принцибине негизделип, жашы жете электердин мыйзамдуу кызыкчылыгын жана укугун ишке мажбурлап ашыруудагы жарандык сот адилеттүүлүгүн ишке ашырат. Соттук коргоону жашы жете электердин мыйзамдуу кызыкчылыгынын жана субъектифтүү укук коргоо формасынын карамагында деп түшүнүү менен, укуктуу мамлекеттин ички функцияларынын бөлүгү болуу менен алардын укугун коргоо жана сактоодо деп түшүнүүгө болот.*

***Аннотация:*** *Актуальность данной статьи обусловлена значением, которое приобретает правовая защита несовершеннолетних в Кыргызской Республике так как, судебная защита является частью реализации прав несовершеннолетних. Наряду с другими гарантиями, она выступает как надежное средство реализации прав в случае их нарушения. В данной работе судебная защита рассматривается как юрисдикционная форма защиты прав и интересов несовершеннолетних и представляет собой деятельность судов, основанную на принципах конституционного, семейного и гражданского процессуального права, а также на принципах морали, осуществляемую в порядке гражданского судопроизводства и направленную на принудительную реализацию прав и законных интересов несовершеннолетних. Судебную защиту следует понимать как одну из юрисдикционных форм защиты субъективных прав и законных интересов несовершеннолетних, как составную часть внутренней функции правового государства, состоящей в признании, соблюдении и защите их прав.*

***Annotation:*** *The relevance of this article is due to the importance of the legal protection of minors in the Kyrgyz Republic as judicial protection is part of the implementation of the rights of minors. Along with other guarantees, it acts as a reliable means of realization of rights in case of their violation. In this paper, judicial protection is considered as a jurisdictional form of protection of the rights and interests of minors and is a court activity based on the principles of constitutional, family and civil procedural law, as well as on the principles of morality, carried out in civil proceedings and aimed at the enforcement of the rights and legitimate interests of minors. Judicial protection should be understood as one of the jurisdictional forms of protection of subjective rights and legitimate interests of minors, as an integral part of the internal function of the rule of law, consisting in the recognition, observance and protection of their rights.*

***Негизги сөздөр:*** *соттук коргоо; жашы жете электер; өспүрүм; импульсивтүү; негатидүү; девианттык жүрүш-туруш; сот бийлиги; укук бийлиги; багыпалуучулар;*

***Ключевые слова:*** *судебная защита; несовершеннолетние; подросток; импульсивность; негативизм; девиантное поведения; судебная власть; правосудие; усыновители.*

***Keywords:*** *judicial protection; minors; teenager; impulsiveness; negativism; deviant behavior; judicial branch; justice; adoptive parents; judicial branch.*

Кыргыз Республикасынын жарандык коомун калыптандыруу шартында, жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу талаптарын камсыз кылуу жана конституциялык кепилдик беруу бул сот бийлиги тарабынан камсыз кылынат.

Башкача айтканда, соттук коргоо, жашы жете электердин укуктарды жана мыйзамдуу талаптарын ишке ашыруудагы кепилдиктеринин бир бөлүгү болуп саналат.

Ошону менен катар, жашы жетелектардин укуктары бузулган учурунда, башка кепидиктер сыяктуу, ал ишенимдүү каражат катары колдонулат.

Бирок дагы бир белгилей кетчу нерсе, ал жашы жете электердин укуктары бузулган учурда, алардан укуктарын калыбына келтирүүдо жана мыйзамдуу талаптарын ишке ашырууда негизки формасы катары болбойт жана боло албайт.

Тескерисинче, ал жалпы эрежелерден алыстоо болуп саналат. Азыркы шарттарда юридикалык кепилдик беруу ролунун түрлөрү өсүп баратат.

Баланын субъективдуу укугу бузулган кезде, ал сот тарабынан корголушу керек. (Кыргыз Республикасынын Конституциясныны 40 б). [1]

Соттук коргоону, алардын укуктарын коргоо жана сактоо, мамлекеттин ички укуктук милдеттеринин ажырагыс болугу катары, жашы жетелектердин субъективдуу укуктарын жана мыйзамдыу кызыкчылыктарын коргоонун юрисдикалык формасы деп тушунуу керек.

Бул макалада соттук коргоо, бул жашы жетелектердин кызыкчылыктарын жана укугун коргоонун бир юрисдикалык формасы катары каралып, конституциялык, уй булоолук, жаран-

дык жана процессуалдык укуктарынын, ошондой эле моралдык принциптеринин негизинде, жашы жете электаридин укуктары жана мыйзамдык кызыкчылыктары бузулганда аны калыбына келтируу, уй булоолук, кээ бир учурларда жарандык мыйзамдардын негизинде, аларды коргоо чарасы, жарандык сот иштерин ишке ашырууда катары каралат.

Кыргыз Республикасындагы баардык денгээлдеги соттор, жашы жете электердин укугун жана мыйзамдык кызыкчылыктарын камсыз кылууда натйыжалуу укуктук каражат болуп саналат. Соттук коргоо, бул өкүмдөрдун туруктуулугун, чечимдеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн, соттук каталарды оңдоо мүмкүнчүлүгүн, бардык деңгээлдеринде процесстик эрежелердин так сакталышын камсыз кылуу керек. [2]

Азыркы Кыргыз Республикасынын тузулуш шартында жашы жетелектардин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга Конституциялык кепилдик беруу бул, биринчи кезекте, көз карандысыз, күчтүү сот бийлигин тузуу, ошонун негизинде, жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын конституциялык кепилдик беруу механизимин ишке ашыруу менен байланыштуу сот ишмердуулугунун маансин ачып беруу керек.

Адабиятта жана ченемдик укуктук актыларда соттордун ишмердуулугу ар кандай терминдер менен корсотулгонун белгилеп кетуу керек: «сот бийлиги», «сот иштерин жургузуу», «адилетуулук», «соттук коргоо», «соттук башкаруу». Бул баардык маанилер, оздорунун мазмуну боюнча бири бири менен байланыштуу. Ошону менен бирге, алардын ар бири, маани-маңызынын келип чыгуусу боюнча, толук өз алдынча укуктук көрүнүш.

Сот бийлигинин аныктамаларында бир нече түшүнүктөр бар. А.П.Герасимовдун [3] пикири боюнча, сот бийлиги бул, мамлекеттик бийлик тармагындагы көз карандысыз, ачык-айкын, атаандаштык, соттук жыйындарындагы талаш-тартыштарды коллегиалдуу кароо жана чечүү бийлик бутагы деп тушундурулот.

В.И.Швецов [4] сот бийлигин, коомдук жашоонун укуктук чөйрөсүндө ыйгарым укук колдонуу бийлиги катары жана бул ыйгарымдарды конституциялык, кылмыш-жаза, административдик жана жарандык мыйзамдарын колдонуу менен бирге ишке ашыруу, мамлекеттеги мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо жана конституциялык, саясий, экономикалык тузулушко, жарандардын укугуна жана мыйзамдык кызыкчылыктарына, мамлекеттик органдарга, ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга жана бирикмелерге каршы жазалган ар кандай кол салуулардан сактоо максатында бирдиктүү сот системасын камсыз кылуу деп тушундурот. А.Н. Мишин [5] жана Б.Н. Страшун [5] болсо сот бийлигин, коомдук мамилелер аркылуу укугуна таасир берген курал катары карашат. Кээ бир илимпоздордун пикири боюнча, сот бийлиги, айрым бир иштерди өз алдынча карап чыгууга мумкун эмес, мамлекеттеги бирден бир укуктук структура катары карайт.Ошону менен бирге, сот бийлигин адатта адилеттүү каралды деп айтуу мүмкүн эмес. Ал сот адилеттигин (салттуу маанисинде) муноздоо менен гана чектелбестен, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтериндеги чечимдерге активдуу таасир тийгизүүгө юридикалык мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүгө жардам берет.

Т.А.Савельеванын [6] пикири боюнча, соттук бийлик, бул татаал юридикалык конструкцияны тушундурот, анын структуралык элементтери, бири бири менен байланышкан жана бири бири менен макулдашылган, мамлекеттик бийликке таанытык бирдиктуу сапаттардын топтомун тузгон, ошондой эле сот бийлигиндеги ички жана тышкы озгочолукторду тушундургон бийлик болуп саналат.

Ошентип, сот бийлиги коомдук мамилелерге, сот адилеттуулугуно, жарандардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулган кезде, аларды калыбына келтирууго соттун таасир көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар катары түшүндүрүлөт. Юридикалык адатиятта «сот адилеттуулугу» тушунугу изилдоого алынган. Алсак В.И.Швецов, [4] иш жүзүндөгү жагдайларды жана ишти чечүүдө, б. а. мыйзамдык материалдарды колдонуу, сот отурумундагы тараптардын жана башка субъектилердин катышуусу менен жарандык, жазык иштер жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди карап чыгууда соттордун ишмердуулугун сот адилетуулугу деп тушундурот. Жарандардын же юридикалык жактардын укугу бузулганда же талаш-тарташ учурунда, мыйзамдарды колдонуу менен тараптардын атаандаштык шарттарында, алардын иштериндеги коомдук мамилелерди жонго салган атайын ыйгарым укук берилген адамдарды тушундурот.

Сот адилеттиги - бул, тараптардын катышуусу менен процессуалдык түрдө жүргүзүл-

гон жарандык, арбитраждык, жазык иштери караган соттордун ишмердуулугу.

Сот адилеттиги - бул ар кандай социалдык чыр-чатактардын анык же болжолдуу укук ченемдерин бузуу менен байланышкан иштерди кароого жана чечүүго багытталган мамлекеттик ишмердуулугунун бир туру болуп саналат. Ошентип, сот адилеттиги сот тарабынан социалдык талаш-тартыштарды, чырчатактарды, пикир келишпестиктерди жөнгө салуу шартында ачык-айкындуулук жана ата-андаштык менен кароо жана чечүү катары карайт деген термин, бул «процесс» деген термин менен байланыштуу (мисалы, жарандык соттук ондуруш - жарандык процесси). Кыргыз Республикасынын Конституциясы [1] Кыргыз Республикасынын сот ондурушунун торт формасын белгилейт.

Окумуштуулар «соттук өндүрүш» деп, алардын карамагына киргизилген иштерди, ошондой эле соттук тартип менен байланышкан өзүнүнун укуктары жана милдеттерин ишке ашырган башка субъектилеринин аракеттерин кароо жана чечуу бул соттордун иши деп түшунушот. Ошентип, соттук коргоону өзгөчө процесстик формасы менен талаш-тартыштарды кароо жана чечүү сот өндүрүшүндогу жарандык, администрациялык жана кылмыш-жаза укугун колдонуу аркылуу, белгиленген тартипте соттук коргоону, сот бийлиги ишке ашырат.

Жашы жете электердин укугун жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо мындайча эки аспекте пайда болот:

1. Жашы жете элек бала оз алдынча же алардын мыйзамдуу окулдоруу аркылуу кылмыш-жаза же административдик процессте жабырлануучу катары, же ошондой эле жарандык процессте доочу катары катары сотко кайрылган учурда (мисалы, бул учурларда жашы жете электердин укугун коргоо, доочу катары, Кыргыз Республикасынын Уй булоолук Кодексинде [7] ар кандай муноздо корсотулгон)

- аталыгын жана энелигин аныктоо (52 б)
- аталыгын жана энелигин талашуу (55 б)
- жашы жете элек балдарды тарбиялоо жана жашаган жерин аныктоо жөнүндө ата-энелердин ортосунда пикир келишпестиктерин чечуу (68, 70 бб);
- балдарды кайра ата-энесине кайтарууну талап кылуу (81 б);
- ата-энелик укуктардан ажыратуу (75 б.);
- ата-энелик укуктары калыбына келтирүү (77 б);
- ата-энелик укуктарынан ажыратбастан баланы алуу (82 б);
- жашы жете элек жана жашы жеткен эмгекке жарамсыз балдарга карата алименттерди өндүрүп алуу (86, 88-91-бб);
- сот тартибинде алимент төлөөдөн бошотуу жана өлчөмүн өзгөртүү (124,119-бб)ж. б.

Балдарды тарбиялоого байланышкан талаш-тартыштарды сот карап коруп, балдадын укугу кандай корголуп жатат, же кандай жардамдар корсотулуп жатат деп, ар кандай мамлекеттик, коомдук уюмдарга, айрым милдеттендирилген жарандарга аныктама берууго укуктуу. Жашы жете элек балдарды багууга алимент төлөтүп алуу тууралу доочу, бул бала болуп эсептелинет. Алардын кызыкчылыгын ишке ашыруу доосу, мыйзамдуу өкүлдөрү же прокурор, үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөр тарабынан ишке ашырылат.

2. Жашы жете элек бала кылмыш-жаза же административдик процессте куноолу катары, же жарандык иштер боюнча жоопкер катары тартылса; экинчи учурда алардын укуктарын сактоо жана коргоо процессуалдык нормалардын сакталышы менен жана аларга карата соттук чечим адилеттуу чыгарылышы менен байланыштуу. (өкүм)

Ошентип, соттордун компетентуулугуно жашы жете элек балдардын укугун коргоо чойросундогу маселелерге, эн маанилуу чечимдерди кабыл алуусун мыйзам киргизет.

Азыркы мезгилде, жогоруда айтылып кеткендей, жашы жете электердин субъективдуу укуктары бузулган кезде, ал сот аркылуу коргоого алынат.

Жашы жете электердин соттук укук коргоо чектерди кеңейтүү, жана ошондой эле соттук коргоо негизги юрисдикциялык коргоо формаларын бекитуу сыяктуу, корунушторду оной эле корууго болот.

Соттук коргоо өбөлгөлөрду кеңейтүү аракеттери болуп булар саналат:

1. Жашы жете электердин укугун жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоону ишке ашырууда Конституциялык кепилдигин кучотуу (Конституция 16-б). [1] Муну менен бирге жашы жете электердин укугун жана мыйзамдык кызыкчылактарын коргоонун негизки гаранты болуп, укуктук мамлекетте бул сот болуп эсептелинет.

2. Жашы жете электердин татыктуу, баардык жагынан онуккон жаран болуп осушуно коом жана мамлекет кызыктар болушу керек. Мындай максаттарга жетиш учун, мамле-

кет тарабынан, коом жана анын мучолору тарабынан активдуу жардам корсотулушу керек. «Балалык- бул жаратылыштын бүтүндөй бирдиктүү бир бөлүгү». Ал дүйнөнүн ажырагыз болугу, улуу адамдардын жападан жалгыз милдети, келечекте дуйнодогу балдарды бугун эмес жана эртен эмес, а дароо сактоо жана коргоо.

3. Учурдагы социалдык-экономикалык шарттар, жашы жете электердин көптөгөн көйгөйлөрун курчутат, анын ичинде жете электерди коргоону камсыз кылуу көйгөйлөру.

Учурда жашы жете электердин абалы ото оор жана татаал болуп турат. Балдардын бакубаттуулу жана жошоонун томондошу, жетим балдардын, көзөмөлсүз калган балдардын санынын кобойушуу. Акыркы жылдар жетим балдардын саны 60% кобойсо, ата-энелик укугунан ажыратылган жашы жете элек балдардын саны 2562, же болбосо Кыргыз Республикасындагы жашы жете элек балдардын укугун жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо боюнча буткон иштеринин 32,5 % тузот. [8]

Мындай шарттарда жашы жетеэлектердин укугун жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо бир гана авторитеттуу жана коз карандысыз сот чече алат.

4. Эл аралык документтерде адам укуктары принциби чойросундо баланын укуктарын жана таламдары коргоонун артыкчылыгы болуп, мамлекеттин компетенттүү органы - бул улуттук сот экендиги белгиленген.

Бул фактыларды да Кыргыз Республикасы тааныды. Мамлекеттик саясаттын бирден бир милдети болуп, жашы жете элек балдардын укугун коргоодо, улуттук мыйзамдарды, баланын укуктары жонундо Конвенциясына ылайык калыбына келтируу болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93- беренесинин 3- п. ылайык ,[1] Кыргыз Республикасындагы сот системасы, Конституция жана мыйзамдар аркылуу белгиленгендей, Жогорку соттон жана жергиликтуу соттордон турат. Жогорку соттун тузулушундо Конституциялык палата иштейт. Мыйзам аркылуу адистештирилген соттор уюуштурулушу мумкун. Бирок озгочо абалда соттордун пайда болуусу мумкун эмес. Келечекте Кыргыз Республикасында жашы жете элек балдардын укугун жана кызыкчылыгын коргоого байланышкан соттор тузулушу божомолдонуп жатат. Юридикалык адабиятта «жашы жете элек балдадын уйбулоолук соттору» деген тушунук бир нече ирээт айтылып келген. Башкача айтканда Кыргыз Республикасында ювеналдык юстиция системасын тузуу боюнча бир топ создор айтылып келген, бирок бул институтту оздоштуруу учун буга туура келген мыйзам базаларын иштеп чыгуу керек. Тилекке каршы, бул ой келечекте ишке ашуусу күмон жаратат, болбосо анын негизи Кыргыз Республикасынын балдар жонундо Кодексинде көрсөтүлгөн. [9]

Эн биринчи аны тузуудо, ювеналдык юстиция - бул жашы жете элек балдардын копто-гон когойлорун чечкен бирден бир укуктук институт экендигин башка мамлекеттердин ювеналдык юстицияны изилдеп жана анализдеп коруусунон байкасак болот. Ювеналдык юстициянын теоретикалык тушунугу, тиешелуу министирликтин органдарына ылайыктуу, эгерде бул ювеналдык юстицияга байланыштуу департаменти болсо.

Дуйнолук тенденцияда жашы жете элек балдрдын укугун коргоо онугуусун эске алсак, биз дагы эл аралык ювеналдык юстицияны тузуу жонундо соз кылсак болот.

«Юстиция» жана «ювеналдык» деген создордун байланышы, бул бир эле учурда, жалпысынан карап коргондо да, юстиция деген адистештирилген тушунукту билгизет. Юстициянын жалпы бир болугу катары, ал анын принциптерин жана институттарын мурас катары алат. Адистештирилген ювеналдык юстициянын тушунугуу, ал жалпы юстициядан айырмаланат, жана анын автономдук тепкичин тузот. [10]

Баардык олколордо, «ювеналдык юстиция», юстиция бул сот адилетуулугу деген тушунук сыяктуу, жашы жете элек балдардын сот иштери менен байланышкан негизки тушунук.

Биз коруп тургандай, «ювеналдык юстиция» бул жашы жете элек балдарга карата сот адилетуулугу менен байланышкан, ошондуктан бул соттун ишмердуулугу. Жогоруда белгилен-гендей, юридикалык илимде «уй булоолук соттордy» тузууго коптогон жактоочулар бар деп айтсак жанылышбайбыз. Азыркы учурдагы уй булоолук соттордун концепциясы, бул анын аралаш иштерди кароосу болуп саналат, башкача атканда ар тараптуу, жарандык, уй булоолук жана кылмыш-жаза юрисдикциясы.

Бул мааниде ал, көптөгөн өлкөлөрүндөгу жашы жете электердин ишин караган соттордон, башында эле олуттуу аыйрмачылыгы бар экенин божомолдогон. Бирок эки маанилуу жагдайлар бар экенин унутпоо керек: заманбап «балдар» соту, мындан ары кылмышты караган сот болуп эсептелинбейт. Жашы жете элек балдардын кылмыш-жазык ишин кароодо, копто-

гон ага байланыштуу маселелерди чечуу зарылдыгы бар, (терс үй-бүлөлүк абалдан эркиндикке чыккан оспурумдорго козомолдуу белгилоо ж.б.); жашы жете элек балдар үчүн кылмыш-жаза ишин караган соттор эмес, жарандык юрисдикциялык болушу керек.

Ошондуктан ювеналдык юстицияны модернациялоодо, илимде коптогон ой пикирлер айтылып журот, жашы жете электердин ишин караган сотторду жарандык юрисдикцияга алмаштыруу пайдасына.

Биздин ойубуз боюнча, Кыргызстанда, коз каранды эмес ювеналдык сотторду, райондун денгээлинде тузуу, биринчи инстанция соттору сыяктуу. Ар бир облусттук соттордо жана Бишкек шаардык соттордо- апелляциялык инстанцияда- жашы жете элек балдардын ишин кароодо башкармалыктарды тузуу керек. Кыргыз Республикасынын Жогорку соттунда жашы жете электердин ишин жалпы соттордун тутуму менен каралышы керек, бирок докладды даярдоо бир конкеретуу адам тарабына бекитилип берилиши керек.

Баарынан мурун, жаны соттук тутумуна жашы 18 - толо элек балдардын кылмыштык иштерин карап чыгуу компетенциясына киргизуу керек. Андан тышкары, ушул эле соттро аркылуу, буткул жарандык иштерди жашы жете элек балдардын кызыкчылыгна байланыштуу (мисалы, жашы жете элек балдары бар ата-энесинин ажырашуусу, ата-энелик укугунан айрылуусу сыяктуу ж.б).

Мыйзамдарга тийешелуу озгортуулордуу киргизуу зарыл. Алсак, тактап айтканда, жашы жете элек балдардын кызыкчылыгын коргогон доо арыздар, жашы жете электердин уй булоолук сотторуга кайрылуусу керек экенин мыйзамда карап чыгылышы абзел.

Эгерде жалпы юрисдикалык сот, кандайдыр бир жарандык ишти карап жатып, 18 жашка толо элек баланын кызыкчылыгы козголсо, анда алар бул ишти уй булоолук соттко аныктаманын негизинде жонотуу. Андан тышкары, уй булоолук соттордо, 18 жашка толо элек балдар аркылуу жазалган жашы жете электердин административдик укук бузуу иштерин карап чыгуу керек.

Бул сот органдарынын ишмердуулугу, бир гана каралып жаткан жагдайларды объективдуу жана ар тараптан изилдебестен, ал озгочо, жашы жете электердин укугун коргоодо, алардын негизки идеяларын жана принциптерин ишке ашырууга жардам берет.

Бирокбул ишти карап жаткан сотордун тутуму, жалпы ишти карап жаткан соттордон айырмаланышы керек. Ошондуктан, бул балдардын ишин карап чыгуу Комиссиянына, адистуу соттор менен биргиликте, адистуу мугалимдер, психологтор, психотерапевтер, кириши керек.Атап айтканда, жашы жете элек балдардын ишин кароо сотторунун тутумун беш кишиге коботуу максатуу.

КРнын Конституциясына [1] ылайык, соттордун катарына Кыргыз Республикасынын жараны, 30 жаштан кем эмес жана 65 жаштан жогору эмес, юридикалык жогорку билими бар, адистиги менен беш жылдан жогору иштеген жаран кабыл алынат.Албетте, жашы жете элек балдардын ишин караган сотторго, мурда беш жылдан кем эмес райондук(шаардык) соттордо жана жашы жете элек балдардын ишине адистештирилген жарандар дайындалышы абзел. Мындай талаптар, жашы жете элек балдардын укуктук кызыкчылыгына баланыштуу, жана анын сапаттык озгочолуктору, ошондой эле татаалдыгы менен айырмаланат, Ошондуктан бул соттордун жаштык категориясын 35 жашка которуу максатка ылайыктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, соттордун ыйгарым укуктарына томонкулор кирет:

1) Балдардын иштерин кароого жонотуу боюнча;

- жатак мекемелерге ведомстволук таандыгына, менчик туруно карабастан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, 6 айдан ашпаган убакыт ичинде жонотуу, ошондой эле зээндүү балдар үчүн кызмат көрсөтүүчү, анын ичинде акы төлөнүүчү негизде;

- озгочо тарбияга муктаж болгон балдарды, балдар учун адистештирилген мектептерге, жана мыйзамдуу окулчукторунун уруксааты менен (ата-энеси, камкорчулары, багып алган ата-энелери, алардын жок учурунда- атайын балдарды коргоо органдарынын) психиатриялык ооруканаларга жонотуу;

2) асырап алуу, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк белгилөө ишти кароо жөнүндө;

3) Жатак мекемелерине мыйзамсыз жана негизсиз жиберүүнүн болтурбоо боюнча чараларды кабыл алуу;

4) аккредитациядан откон, жатак мекемелерине, ата-энесинин камкорсуздугу жок калган балдарды жонотуу;

5) баланын жатак мекемесинде атайын балдар үчүн мектепте, тарбиялоонун өзгөчө

шарттарына муктаж болгондугуна, же психиатриялык ооруканада болуусунун негиздүүлүгүн кайра кароо;

6) Балдардын иши боюнча ишке кирген соттук актылардын мыйзамдуулугун контролдоо.

Балдардын кызыкчылыгын коргогон жарандык иштер боюнча сот, балдардын ойун, кызыкчылыгын эске алуу менен талаш-тартыштарды чечет.

Ошентип, уй-булоолук сотту киргизуу, бул жашоонун талабы. Биздин ойубуз боюнча, ал жон гана дагы бир соттук орган болуп калбастан, жашы жете элек ар бир баланын тагдырына озгочо бир жекече мамиле кылуу координациялык жана диагностикалык борбор катары болуп калмак.

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА МАТЕРИАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ:**

1. Конституция Кыргызской Республики [Электронный ресурс]: принята референдумом (всенарод. голосованием) 27 июня 2010 г. (редакции Закона Кырг. Респ. от 28.12. 2016 г.) // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». - Режим доступа: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. - Загл. с экрана.

2. О Верховном суде Кыргызской Республики и местных судах [Электронный ресурс] закон Кырг.Респ. от от 18 июля 2003 года № 153 (с изменениями и дополнениями по состоянию на от 30 июля 2016 года № 154) // Информационно-правовая система "ТОКТОМ мамлекет Про". - режим доступа: http:/www.toktom.kg/?comp= main&m_t= 1. - Загл. с экрана.

3.Герасимова, А.П. Роль Конституционного Суда Российской Федерации в системе судебной защиты прав и свобод человека и гражданина[Текст]: дис. ... канд.юрид.наук: 12.00.11/ А.П. Герасимова.- СПб., 2011. - С. 16.

4. Швецов, В.И. Права ребенка. Юридический аспект [Текст]: учеб. пособие /В.И. Швецов. - Бишкек: Илим, 2000. - С.7.

5. Мишин, А.Н., Страшун, Б.Н. Современные проблемы комментария принципа разделения властей [Текст]: // Конституционное правосудие / А.Н.Мишин, Б.Н. Страшун. - Ереван. - 2007. - № 4. - С.38.

6. Савельева, Т.А. Судебная защита прав граждан и юридических лиц [Текст]: учеб. пособие / Т.А. Савельева. - М.: Юрид. бюро «Городец», 1997. - С.16.

7. Семейный кодекс [Электронный ресурс]: закон Кырг. Респ. от 30 августа 2003 года № 201 (в ред. Законов Кырг.Респ. от 5 июня 2018 года N 60) // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». - Режим доступа: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. – Загл. с экрана;

8. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики [Электронный ресурс]: - Режим доступа: http://www.stat.kg/ru/ 12.05.18/. - Загл. с экрана

9. Кодекс о детях [Электронный ресурс]: закон Кырг. Респ. от 10 июля 2012 года № 100 (в ред. Закона Кырг. Респ. от 30 марта 2018 года N 33) // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». - Режим доступа: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. - Загл. с экрана.

10. Зыкова, О.В. Ребенок на улице [Текст]: метод. пособие по организации социальной службы / О.В. Зыкова. - М., 2000. - С. 412.

**Рецензент:** Найманбаев А.Б., кандидат юридических наук, и.о. доцента КГЮА